*«Ата-энелердин окуу процессине жана студенттерге болгон таасири »* аттуу

жыйындын протоколу

Ош шаары 20-сентябрь2022-ж.

Катышышты:„
Төрөга- т.и.к., доцент, Мамытов .С, катчы Раимжанова М.О
Архитектура багыты боюнча окуган студенттердин ата-энелер комитетинин төрөгасы: Мусаева Жазгул, «АДиГ» кафедрасынын мучөлөрү.

**Кунтартибинде:**

1. Окуу процессин салттуу ыкмада жана электрондук шартта уюштуруу (каф.башчысы МамытовА.С.);
2. Окуу процессин уюштурууда ата-энелердин ой-пикири жана сунуштары.

1- Суроо боюнча:“АДиГ”кафедрасынын башчысы,т.и.к.,доцент МамытовА.С. «Ата-энелердин окуу процессине жана студенттерге болгон жаны электрондук система» аттуу тегерек столдун уюштуруунун максаты боюнча кенири сез суйлоду жана ата-энелерди тегерек столго кош коңул болбостон катышкандыктары учун ыразылыгын билдирди. Кафедра башчысы окуу процессиндеги өтулуучу сабактар менен тааныштырып, анын ичинен адистик сабактар боюнча маалымат берди.

2- Сурообоюнча Ата-энелер менен томендогудой талкуу болду:

Суроо: Карабаев Азамжан- мен Арх-2-20 тайпасынын студенти Кадиржанов Музафар атасы болом. Бутуруучу курстарга жумушка жайгашуу учун кандай иш чаралар өткорулөт?

Жообу: МамытовА.С.- Биздин университетте жыл сайын “Бош орундар жарманкеси” шаардын деңгээлинде өтүп турат. Анда ар кандай долбоорлоочу фирмалардын мекеме жетекчилери бүтүрүүчүлөр менен жолугушууларды өткөрүп, маектешуу жана сынак аркылуу жумушка кабыл алуу жөнүндө келишим түзүшөт. Ага карабастан “Курулуш өндүрүшү” кафедрасы иш берүүчүлөр менен бүтүрүүчүлөргө жыл ичинде бир нече жолу тегерек столдорду өткөрүп турат.

Суроо: Өндүрүштөгү курулуш мекемелери менен байланышыныздар барбы?

Жообу: Алишов А. А. -Ош шаарындагы көпчүлүк өндүрүштүк ишканалар менен келишимдерибиз бар. Келишимдердин негизинде студенттерди окуу, өндүрүштүк жана диплом алдындагы практикаларга жөнөтүп турабыз.

Суроо: Сабактардын сапатты билим алууга жетиштүү элеби. Реалдуу сабактарды өтүү үчүн кандай иш чараларды жүргүзүп жатасыздар?

Жообу: Биздин окуу жайда билим берүү жумуштары Билим министрлигинин ГОС ВПО аркылуу иш жүргүзүлөт.

Сөз ата-энелер комитетинин төрагасы Ж Мусаевага берилди. Ал өз кезегинде балдары биздин окуу жайдагы Архитектура жана Курулуш факультетинин Архитектура адистигинде окуп жатканын жана ага кошумчалап адистиги боюнча иштеп кетээрине ишенээрин билдирди.

Аталган маселелерди угуп, кызуу талкуудан кийин «Ата-энелердин окуу процессине жана студенттерге болгон таасири» аттуу тегерек столдун катышуучуларынын

## ЧЕЧИМИ:

1. “АДиГ” кафедрасынын башчысы т.и.к., доцент А.С Мамытовдун баяндамасы маалымат катары кабыл алынсын.
2. Ата-энелер комитетинин жардамы менен ата-энелердин ватсап группасын ачуу каралсын.

“АДжГ” кафедрасынын
башчысы т.и.к.,доц.: Мамытов А.С.

“АДжГ” кафедрасынын
лаборанты, катчы Раимжанова М.О


Архитектура – это согласие камня с мечтой художника
Валерий Красовский


Архитектура – это согласие камня с мечтой художника
Валерий Красовский


Архитектура – это согласие камня с мечтой художника
Валерий Красовский

